Кабылан-Көл айылдык Кеңешинин 5- чакырылышынын
кезектеги 24- отурумунун

# Т О К Т О М У

25. 05. 2022-жыл №24/4 Кабылан-Көл айылы

Кабылан-Көл айыл өкмөтүндөгү элди жайлоого көчүрүү жана чөп орунду жерлерди коруй турган кароолдорду шайлоо жөнүндө

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8- беренесинин негизинде, ошондой эле " Жайыт жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 4- беренесине ылайык жана элдик чогулуштардын протоколунун негизинде Кабылан-Көл айылдык Кеңеши

## Т О К Т О М К Ы Л А Т :

1. Кабылан-Көл айыл өкмөтүндөгү элди жайлоого көчүрүүдө түшүндүрүү иштерин алып барылсын. Убагында жайлоого көчүрүүнү колго алуу Кара-Жыгач, Курулуш айылдарынын айыл башчысы Кадыркулов Убайдиллага жана Кабылан-Көл, Күңгөй айылдарынын айыл башчысы А. Мурзаевге жүктөлсүн.

Айыл аймагындагы чөп орунду жерлерди коруй турган кароолдор төмөдөгү айылдарда шайлансын:

Кара-Жыгач айылына: Акылбеков Абдибаит, Пирматов Гүлжигит

Кабылан-Көл айылына: Камчиев Кумар, Ормошов Эргеш

Курулуш айылына: Жумаш уулу Акбар, Сүйүнбек уулу Казыбек

Күңгөй айылына: Калыбай уулу Эржан, Сайфидин уулу Кудурет

2. Чөп орунду жерлерге малдарды чыгарбоо, чыккан малдарды айдап түшүп, кароолканаларга камоо, элдин малына жоопкерчиликтүү мамиле кылуу кароолдорго жүктөлсүн.
Ар бир жандык үчүн -50 сомдон
бодо малга, жылкыга өз малы болсо -200 сомдон,
башка жактан келген малга-500 сомдон административдик жазана каралсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысы Г.Мадаевге көзөмөлдөө жагы жана жер жана айыл чарбасы, экология боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Кабылан - Көл айылдык
кеңешинин төрагасы: Ш. Акаев